**ОшМУнун математика, физика жана информациялык технологиялар институтунун АССТ кафедрасынын кезектеги отурумунун**

**№2 ПРОТОКОЛУнан**

**Көчүрмө**

28-августь, *2023*-жыл.

| | |
|---|---|
| *Төрага:* | А.Ж. Кудуев |
| *Катчы:* | М. Токтосун кызы |
| *Катышкандар:* | АССТ кафедрасынын мүчөлөрү. |

*Күн тартиби:*

710100 Информатика жана эсептөө техникасы (ИЭТ), 710400 Программалык инженерия (ПИ) жана Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биеомедициналык инженерия (ССИжБИ) бакалавр, магистрдик программалары үчүн НББПсын, жумушчу окуу программасын, окутуу максаттарын жана натыйжаларын, мазмунун талкуулоо жана бекитүү;

***Ар түрдүү маселелер:***

*а) АССТ кафедрасынын башчысы, доцент - Кудуев А.Ж.:* 2023–2024-окуу жылында 710100 «Информатика жана эсептөө техникасы» (ИЭТ), 710400 «Программалык инженерия» (ПИ) жана «Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия» (ССИжБИ) багыттары боюнча негизги билим берүү программаларынын мазмунуна жаңы иштелип чыгып бекитилген окуу пландарынын негизинде өзгөртүүлөр киргизилди.

НББП нын Өндүрүш менен байланышкан бир катар дисциплиналар кайра каралып чыгып, алардын кредиттик көлөмү жана окутуу семестрлери өзгөртүлдү. *Мисалы,* 710100 «Информатика жана эсептөө техникасы» багытынын АСОИУ адистигинин окуу планына «1С: Ишкана программасын администрлөө жана программалоо» дисциплинасы мурунку окуу пландарында 8-семестрде окутулса, жаңы окуу планында 6-семестрге жылдырылды. ПОВТАС адистигинин, «Фронд-эндди иштеп чыгуу» тандоо курсунда кредиттин саны ушул убакытка чейинки окуу планында 5 кредиттик көлөмдө окутулса, жаңы окуу планында 4 кредитке өзгөргөн. 710400 Программалык инженерия багытынын «Программалык инженерияга киришүү» дициплинасы 3 кредиттик көлөмдө окутулса, аталышы «Программалоонун негиздери» 4 кредиттик көлөмгө жана да «Жашоо коопсуздугу» дициплинасынынын 3 кредиттик көлөмдө окутулса, 3-семестрде ал эми жаңы окуу планында ошол эле семестрге ылайыкталып, 4 кредиттик көлөмгө өзгөртүлгөн.

Мындан тышкары, окуу планындагы дисциплиналардын аталыштары үч тилде берилди. НББПнын мазмунуна дисциплиналардын жана практикалардын аннотациялары киргизилди. НББПны даярдоо боюнча жооптуу жумушчу топ жогоруда киргизилген дисциплиналардын аннотацияларын жана окутуунун күтүлүүчү натыйжаларын карап чыгып, талкуулоосу зарыл.

Ошондой эле 710100 «Информатика жана эсептөө техникасы» (ИЭТ), «Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия» (ССИжБИ) жана 710400 «Программалык инженерия» (ПИ) багыттары боюнча ар бир куратор студенттерге НББПнын мазмунуна киргизилген өзгөртүүлөр тууралуу жалпы маалымат берүүгө милдеттүү.

Мындан тышкары, аталган багыттар боюнча программа жетекчилери жана жумушчу топтун мүчөлөрү НББПны жаңылоо ишин мындан ары да улантуусу керек.

*Атырова Р.С. - тех.и.к., доцент:* 710100 «Информатика жана эсептөө техникасы» (ИЭТ) магистратура багытынын программа жетекчиси НББПнын мазмунуна киргизилген өзгөртүүлөр боюнча иш алып барууда. Тактап айтканда, дисциплиналардын семестрлер боюнча жайгашуусу жана алардын аннотациялары тиешелүү окутуучулардан алынып, окутуунун натыйжаларына (ОН) шайкештиги такталууда.

*Ойчуева Р.Р. кафедранын окутуучусу:* НББПны өркүндөтүүнүн алкагында иш берүүчүлөрдүн сунуштарынын негизинде окутуучулардын кесиптик компетенттүүлүгүн жана квалификациясын жогорулатуу боюнча иш-чаралар уюштурулууда. НББПга киргизилген өзгөртүүлөр тууралуу маалыматтар студенттерге, бүтүрүүчүлөргө, ата-энелерге жана иш берүүчүлөргө жеткирилүүдө.

Кенешмеде жогорудагы маселе талкууланып төмөндөгүдөй токтом кабыл алынды

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 710100 «Информатика жана эсептөө техникасы» (ИЭТ), 710400 «Программалык инженерия» (ПИ) жана «Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия» (ССИжБИ) багыттары боюнча бакалаврдык жана магистрдик программалардын НББПсы тууралуу маалыматтарды студенттерге жана магистранттарга жеткирүү кураторлорго жүктөлсүн.
2. Жогорудагы талкуулардын, сунуштардын жана пикирлердин негизинде 710100 «Информатика жана эсептөө техникасы» (ИЭТ), 710400 «Программалык инженерия» (ПИ) жана «Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия» (ССИжБИ) багыттары боюнча бакалаврдык жана магистрдик билим берүү программаларынын НББПсы бекитилсин.
3. Жогорудагы токтомдордун аткарылышын көзөмөлдөө милдети кафедра башчысына жүктөлсүн.

Кенешменин төрагасы: Кудуев А.Ж.

Катчы: Токтосун кызы М.